Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**А. МАНСУРОВ, Д. КАРИМОВА**

# МУЗЫКА

**5-класс үчүн окуу китеби**

**Кайра иштелген 3-басылышы**

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан басууга сунушталган*

http://eduportal.uz

Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык
чыгармачылык үйү
Ташкент – 2020

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 372.878(075)
КБК 85.31
М 24

*“Өзбекстан Республикасынын 2002-жылдагы окуу китептери конкурсунда сыйлыкка татыктуу болгон”.*

**Рецензенттер:**

**Ш. ЁРМАТОВ** – “Булбулча” балдар хорунун көркөм жетекчиси, Өзбекстан эл артисти, профессор;

**А. УТАЕВ** – Өзбекстан мамлекеттик Консерваториясынын алдындагы таланттуу балдар академиялык лицейинин дирижёрлук предметинин улук окутуучусу;

**Ф. ФАЙЗИЕВА** – Ташкент шаары, Үчтепа районундагы 4-жалпы орто билим берүүчү мектептин “Музыка маданияты” предметинин мугалими;

**Г. МУСАЕВА** – Өзбекконцерт мамлекеттик мекемесинин Улуттук бий жана хореография искусствосун өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы.

**Эксперттер:**

**Ш. ХАКИМОВА** – Ташкент шаары, Чиланзар районундагы 281-мектептин музыка маданияты предметинин мугалими.

**В. ГАППАРОВА** – Ташкент шаары, Учтепа районундагы 203-мектептин музыка маданияты предметинин мугалими

Колуңардагы “Музыка” окуу китеби Республикабыздын жалпы орто билим берүүчү мектептеринин 5-класс окуучулары үчүн Билим берүүнү мамлекеттик стандарты негизинде жаратылган. Андан орун алган теориялык жана практикалык материалдар, күү жана ырлар окуучуларды музыка искусствосунун кээ бир жанрлары менен жакындан тааныштырат. Аларды улуттук сыймык жана патриоттулук сезимдери негизинде тарбиялайт.

**А. Мансуров, Д. Каримова.**

**Музыка:** 5-класс үчүн окуу китеби. Кайра иштелген. 3-басылышы. – Т.: Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2020. – 96 б.

*Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.*

УЎК 372.878(075)
КБК 85.31

ISBN 978-9943-6113-3-7

**© А. Мансуров, Д. Каримова.**
**© Г. Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2020**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СӨЗ БАШЫ

Урматтуу окуучулар! 5-класс “Музыка” окуу китебиндеги темалар аркылуу силер оркестрдин курамына кирүүчү өзбек жана Европа аспаптары, композиторлордун күү жана ырлары, бий искусствосу, түрдүү жанрлардагы дүйнөлүк музыка маданиятынын берметтери тууралуу маалыматтарга ээ болосуңар.

Өзбекстаныбызда чоң жаратуучулук иштери иш жүзүнө ашырылууда. Айрыкча, билим берүү, спорт, искусство жаатындагы өзгөрүүлөр буга анык мисал боло алат. Өлкөбүзгө арналып жаратылган жаңы чыгармалар, күү жана ырлар бүткүл дүйнө бойлоп канат жайып жаңырууда. Жаңы-жаңы чыгармалар силер жаштарды, элибиздин жаңы муунун көз карандысыз рухунда тарбиялоодо кызмат кылууда. Колуңардагы окуу китеби да Мекен сезимин жан-дилиңерге сиңдирип, музыка жөнүндөгү билимиңерди дагида ашырууга кызмат кылат деп ишенебиз.

*Авторлор*

... Музыка адамды сыйкырлайт, кайраттандырат, мээримдүүлүккө, сүйүүгө, таттуу үмүттөргө үндөйт, жаман жолдон кайтарат, ойлонтот, ыйлатат, күлдүрөт.

... Музыка – адамдын турмушуна көмөктөш, камкор.

... Музыка – бизди адамгерчиликке чакыруучу үн.

... Музыканы – жарыкка, жанып турган чырактарга окшотуу мүмкүн.

*Аваз Мансуров*

**Шарттуу белгилер:**

?! – Суроо жана тапшырмалар;

– Музыка сабаты;

– Класс фонотекасынан үлгү уккула;

– QR kod.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I ЧЕЙРЕК

## ОРКЕСТРЛЕР ЖӨНҮНДӨ

### *1–2-сабактар*. ОРКЕСТРЛЕР. ӨЗБЕК ЭЛ АСПАПТАРЫ ОРКЕСТРИ ЖАНА АНЫН ҮЙЛӨМӨ АСПАПТАР ТОБУ

**О р к е с т р** – түрдүү аспапта аткаруучулардын топторунан түзүлгөн чоң жамаат (коллектив) болуп, көрсөтүлгөн курам (состав) үчүн жаратылган музыкалык чыгарманы аткарат. Бардыгыбыз билген кичи ансамблдерден айырмасы, аларда жеке аткаруучулардын саны көп болуп, бир нече топтон түзүлөт. Оркестрлер аспаптардын курамдык түзүлүшүнө карата түрдүүчө болот.

*Симфониялык оркестр, үйлөмө аспаптар оркестри, кылдуу аспаптар оркестри, эстрадалык оркестр, өзбек эл аспаптары оркестри мына ушулардан*.

Бардык элдердин да өз аспаптарынан түзүлгөн оркестри болушун айтып өтүү керек. Санап өтүлгөн оркестрлерден тышкары курамы азайтылган **камералык** (кичи) оркестрлер да учурап турат.

Узак доорлордон бери элибиздин арасында кеңири таралган инструменттерибизден 1936-жылы биринчи эл аспаптары оркестри түзүлгөн. Аспаптарыбыздан кээ бирлери темперация кылынып (башкача айтканда, бирдей ойногонго жакындаштырылып), чоң-кичине түрлөрү иштеп чыгылды. Буларга чоң-кичине най, чоң-кичине гижжактар, чаңг, рубабдар, дутарларды киргизүү мүмкүн.

Мындай оркестр үчүн Өзбекстандын композиторлору жаңы чыгармаларды жаратышты, элдик күүлөрдү кайта иштешти, дүйнөлүк классикалык композиторлордун чыгармаларын ылайыкташтырышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Өзбек эл аспаптар оркестри 5 топтон түзүлүп, биринчиси үйлөмө аспаптар тобу. Үйлөмө аспаптар тобуна – найлар, кичине най, кошнайлар, сурнайлар, кези келгенде кернейлер да киргизилет.

*Класс фонотекасынан “Өзбек эл аспаптары оркестринин” аткаруусунда Сайфи Жалилдин “Qalbimda” жана Фархад Алимовдун “Ohista” күүлөрүн уккула.*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү *Абдулла Ариповдуку* Музыкасы *Мутал Бурхановдуку*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Serquyosh, hur o‘lkam, elga baxt, najot,
Sen o‘zing do‘stlarga yo‘ldosh, mehribon!
Yashnagay toabad ilm-u fan, ijod,
Shuhrating porlasin toki bor jahon!

Кайырма:

Oltin bu vodiylar – jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!

Bag‘ri keng o‘zbekning o‘chmas iymoni,
Erkin, yosh avlodlar senga zo‘r qanot!
Istiqlol mash’ali, tinchlik posboni,
Haqsevar, ona yurt, mangu bo‘l obod!

Кайырма

Oltin bu vodiylar – jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МУЗЫКАЛЫК ДОБУШТАРДЫН ЖАРАЛЫШЫ

**Д о б у ш т а р** табиятта эки түрдүү болот: шуулдаган добуштар жана музыкалык добуштар. Заттардын урулушу же музыкалык аспаптын аткаруусу себептүү абада толкундануу пайда болуп, айланага добуштар таралат. Алар анык бийиктикке ээ болгон добуштарга жана бийиктиги анык эмес добуштарга бөлүнөт.

**Музыкалык добуштар** бийик-төмөндүгү, узун-кыскалыгы, тембри жана күчү менен бири-биринен айырмаланат. XI кылымдан баштап бүткүл дүйнөгө музыкалык добуштардын баскычтарынын аталышы – Do, Ре, Ми, Фа, Соль, Ля, Си болуп таралып кеткен. Пианинонун клавиштеринин бөлүгүндө жана нота катарында көрүнүшү төмөнкүдөй:



### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Оркестр деген эмне жана анын кандай түрлөрү болот?
2. Биринчи өзбек эл аспаптары оркестри качан түзүлгөн?
3. Өзбек эл аспаптары оркестри канча топтон турат?
4. Үйлөмө аспаптар тобуна кайсы аспаптар кирет?
5. Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гимнин ырдап, авторлорун кыскача мүнөздөп бергиле.
6. Музыкалык добуштардын жаралышы жөнүндө эмнелерди билесиңер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *3-сабак*. ӨЗБЕК ЭЛ АСПАПТАРЫ ОРКЕСТРИНИН КЫЛДУУ-УРМА ЖАНА ПЛЕКТРЛҮҮ АСПАПТАР ТОБУ

Өзбек эл аспаптары оркестринин кылдуу-урма жана плектрлүү аспаптар тобу партитурага үйлөмө аспаптар тобунан кийин төмөндөгү нота катарларын бириктирип жайгаштырылат.

**Кылдуу-урма** аспаптар тобуна I жана II чангдар кирет, алар өзүнчө катарларга жазылат.

Санап өтүлгөн топтор, аспаптар жеке же кошулушуп негизги күүнү аткаруусу менен бирге, жандоочу (2-даражалуу) күү жолдору жана усул – гармония көрүнүштөрүндө коштоочу болушу да мүмкүн.



**Плектрлүү** (тырмап ойнолуучу) жана чертме кылдуу аспаптар тобу эң чоң топ болуп эсептелет. Ага прима рубабдары, кашкар рубабдары, афган рубабдары, дутарлар, дутар-бастар, дутар-контрабастар кирет жана өзүнчө катарларга жазылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




*Класс фонотекасынан “Өзбек эл аспаптары оркестринин” аткаруусунда Фархад Алимовдун “Концертинин” 3-бөлүгүн уккула*.

## AZIZ USTOZLAR

Сөзү *Толкундуку* Музыкасы *С. Бабаевдики*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Doim aziz hurmatingiz,
Unutmaymiz mehnatingiz.

Кайырма:

Jonajonlar, mehribonlar,
Aziz ustozlar.

Boshimizni siladingiz,
Bizga oq yo‘l tiladingiz.

Кайырма

Sizlar bizning baxtimizsiz,
Dillardagi ahdimizsiz.

Кайырма

Sizga izzat, sizga hurmat,
Yosh qalblarda bo‘ling har vaqt.




http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МУЗЫКАДА АЧКЫЧТАР

Музыкада 10 ачкыч бар. Алар музыкалык инструменттери жана адамдын үнүнүн жаңырыш бийиктигин нотага алууда же аткарып берүүдө чоң оңтойлуулуктарды жаратат. Кеңири таркалган, бардыгы билиши керек болгон ачкычтар 2 – **Скрипкалык** ачкыч жана **Бас** ачкычы.

Скрипкалык ачкыч 1-октавадагы "соль" нотасын көрсөтөт:





### Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбек эл аспаптары оркестринин кылдуу-урма аспабын тапкыла.



1.



2.



3.

2. Ф. Алимовдун "Концертин" угуп, кайсы урма аспаптардын жаңырганын түшүндүңөр?
3. Музыкада канча ачкыч бар? Кеңири тар калгандары кайсылар?
4. "Aziz ustozlar" ырын чогуу ырдап, жакшы үйрөнүп алгыла.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *4-сабак*. ӨЗБЕК ЭЛ АСПАПТАРЫ ОРКЕСТРИНИН КЫЛДУУ-ЖААЛУУ АСПАПТАР ТОБУ

Өзбек эл аспаптары оркестринин кылдуу-жаалуу аспаптар тобуна – I, II Гижжактар, Гижжак – альттар, Кобуз – бастар, Кобуз-контрабастар кирген жана алар 5 нота сызыгын ээлеп, партитуранын эң төмөнкү бөлүгүнөн жай алышкан. Санап өтүлгөн аспаптар чыгарманын негизги күү-обонун аткаруу менен бирге, жандоочу обондор жана усул-гармония көрүнүштөрүндө коштоочу болушу да мүмкүн.



*Класс фонотекасынан Фархад Алимовдун "Shodiyona" чыгармасын уккула.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## НОТАЛАРДЫН БАС АЧКЫЧТА ЖАЙГАШУУСУ

Бас ачкычы кичи октавадагы “фа” нотасын көрсөтөт:



Жогорку добуштардын жаңырышы скрипкалык ачкычта, төмөнкү добуштардын жаңырышы бас ачкычында жазылат:



До ре ми фа соль ля си до

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбек эл аспаптары оркестри кандай жамаат?
2. Өзбек эл аспаптары оркестринин кылдуу-жаалуу аспаптар тобуна кандай инструменттер киргизилген?
3. Бас ачкычы кайсы октавадагы “фа” нотасын көрсөтөт?
4. Бас ачкычы кандай жазылат?



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *5-сабак*. ӨЗБЕК ЭЛ АСПАПТАРЫ ОРКЕСТРИНИН УРМА АСПАПТАР ТОБУ

Өзбек эл аспаптары оркестринин урма аспаптар тобунда – дойра, нагара, кайрак, сафойил сыяктуу өзбек эл аспаптары менен бирге Европа инструменттери – литавралар, барабан, тарелка сыяктууларды да учуратуу мүмкүн.

Композиторлор жана оркестр үчүн аспапташтыруучу адистер, партитурасы жазылып жаткан чыгарманын характерине, образына жараша урма аспаптарды тандашат. Мисалы: тойду чагылдыруучу чыгармаларда нагара, ырларда дойра, харезмче бийде кайрак, уйгурча күүдө сафойил иштетилсе так эле ойдогудай болот. Европа аспаптары да жаңырган музыканы дагы да байытат.




**1. Дойра. 2. Кайрак. 3. Нагара.**
**4. Сафойил.**

*Класс фонотекасынан "Өзбек эл аспаптары оркестринин" аткаруусунда Аваз Мансуровдун "Yangra doyra, jarangla!" аттуу чыгармасын уккула.*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МЕКТЕБИМ

Сөзү *И. Исаковдуку* Музыкасы *Б. Исаковдуку*




1. Тартуу эткен мекеним,
   Татынакай мектебим.
   Тарбияңды үйрөнүп (ой),
   Таалай гүлү эккеним.

2. Колдо болуп дептериң,
   Ачып китеп беттерин.
   Жакын болгон ушунча (ой),
   Жандай сүйгөн мектебим.

3. Билим гүлү сепкениң,
   Билим алтын мектебим.
   Ата-энемден артыкча,
   Айткан акыл кептерин.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МУЗЫКАДА ЛАД ЖАНА ТОНАЛЬНОСТЬ ТҮШҮНҮКТӨРҮ

Музыкалык добуштар түрдүүчө бийик-төмөнгө ээ экендигин билип алгансыңар. **Лад** деп – добуш катар баскычтарынын өз ара белгилүү бир катышына айтылат.

Музыкада элдик ладдар менен бир катарда **“Мажор”** жана **“Минор”** деп аталуучу ладдар кеңири жалпылашкан. Алар түрдүүчө харакгерге ээ. Эгерде мажор лады бир аз күчтүү, анык жана куунак сезимдүү болсо, минор лады




тескерисинче, назик, жумшак жана муңдуу үн берет. **Лад** музыкалык чыгарманын характерин белгилеште маанилүү фактор болот.

Түзүлүштөрү: **М а ж о р** –1 тон, 1 тон, 1/2 тон, 1,1,1, 1/2 тон.
**М и н о р** –1 тон, 1/2 тон, 1, 1, 1/2, 1,1 тон.

Ажырата билүү, негизинен, I–III баскычтар аралыгы тондорунун жыйындысына карап белгиленет: мажордо – эки тон, минордо – бир жарым тон.

**Тональность** деп – мажор же минор ладынын анык бир нотадан түзүлүшүнө айтылат. Мисалы: до мажор, ля минор, соль мажор, ми минор жана башкалар.

**соль мажор**




**ми минор**






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Урма аспаптар тобуна кайсы аспаптар кирет?
2. А. Мансуровдун "Yangra doyra, jarangla!" увертюрасынан эсиңерде калган обонду ырдап бергиле.
3. Музыкада лад жана тональносту дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
4. "Мектебим" ырын чогуу ырдап, жакшы үйрөнүп алгыла.

## *6-сабак*. СИМФОНИЯЛЫК ОРКЕСТР ЖАНА АНЫН КЫЛДУУ–ЖААЛУУ АСПАПТАР ТОБУ

**Симфониялык оркестр** – оркестр түрлөрүнүн ичинде бүтүн дүйнөгө кеңири тар калгандыгы менен бардыгына белгилүү. Анын курамына кирүүчү аспаптар жана аткаруу багыттары, негизинен, XVIII кылымда калыптанган. Немец композиторлору – Е. Гайдн, В. Моцарт, Л. В. Бетховен, орус композитору П. И. Чайковский, өзбек композиторлору – М. Ашрафий , М. Тажиевдер симфониялык оркестр үчүн жогорку чыгармачылык үлгүлөрүн жаратып, симфония, концерт, поэма, увертюра сыяктуу жанрлардагы чыгармаларды жазып калтырышты. Бул оркестр үчүн көптөгөн жаңы муун композиторлору да үлгүлүү чыгармаларды жаратып келишүүдө.

Симфониялык оркестрде аспаптар 4 топко бөлүнөт жана партитурада жогорудан төмөнгө төмөнкүдөй жайгашат:

– жыгач үйлөмө аспаптар;
– жез үйлөмө аспаптар;
– урма аспаптар;
– кылдуу-жаалуу аспаптар.

Кылдуу жаалуу аспаптар тобу – оркестрдин эң негизги тобу болуп саналат. Бул топко I, II скрипкалар, альт, виолончель, контрабастар кирет жана алар 5 нота сызыгын ээлеп, партитуралардын эң төмөнкү бөлүгүнөн жай алышкан. Санап өтүлгөн аспаптар чыгарманын негизги күү-обонун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аткаруу менен бирге, жандоочу обондор жана усул-гармония көрүнүштөрүндө коштоочу болуулары да мүмкүн.

*Класс фонотекасынан В. Моцарттын “40-simfoniya”сын уккула.*



Скрипка Альт Виолончель Контрабас





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МУЗЫКАДА ДИНАМИКАЛЫК БЕЛГИЛЕР

Күү-обон, ырлардын аткарылышы жагымдуу болушу же кандайдыр бир музыкалык образдын таасирин байытып, угуучуларга жеткирүү үчүн музыкада динамикалык белгилер колдонулат. Добуш кандай кеңейтирилишин көрсөтүүчү, италянчадан алынган бул белгилердин аталышы жана маанисин бүтүн дүйнө элдери бирдей түшүнүшөт.

*Урматтуу окуучулар! Мурдагы класстарда динамикалык белгилерден* **p, f** *менен таанышкансыңар, эми ушул белгилерден калгандарын үйрөнөбүз*.

Динамикалык белгилер төмөнкүдөй жазылат жана айтылат:

***p*** (пиано) – күчсүз;
***pp*** (пианиссимо) – абдан күчсүз;
***mp*** (меццо-пиано) – күчсүзүрөөк;
***f*** (форте) – күчтүү, катуу;
***ff*** (фортиссимо) – абдан күчтүү;
***mf*** (меццо-форте) – күчтүүрөөк;

< (крищендо) – күчөйтүп баруу, кыска италянча жазылышы – “cresc”;

> (диминуэндо) – күчсүздөнүп баруу, кыска италянча жазылышы – “dim”.

?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Симфониялык оркестр жана анын курамына кирүүчү аспаптар тобунун аттарын айтып бергиле.
2. Симфониялык оркестр үчүн жазылуучу чыгармалардын жанрларын билесиңерби?
3. Кайсы композиторлор симфониялык оркестр үчүн жогорку чыгармачылык үлгүлөрүн жаратышкан?
4. Кылдуу-жаалуу аспаптар тобу кайсы аспаптардан түзүлгөн?
5. “Мектебим” ырын ырдап бергиле.
6. Музыкада учуроочу кандай динамикалык белгилерди билесиңер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *7–8-сабактар*. СИМФОНИЯЛЫК ОРКЕСТРДИН ЖЫГАЧ ЖАНА ЖЕЗ ҮЙЛӨМӨ АСПАПТАР ТОБУ

Дүйнөдө үйлөп ойнолуучу аспаптардын түрү көп. Симфониялык оркестрге киргизилген мындай аспаптар эки түргө – жыгач жана жез үйлөмө аспаптарга ажыратылат.

Жыгач үйлөмө аспаптар тобуна – флейталар, гобойлор, кларнеттер жана фаготтор кирет. Бул топтун аткаруусу үчүн музыка партитуранын эң жогорудагы нота сызыктарына жазылат.

Жез үйлөмө аспаптар тобуна – валторналар (көбүнчө 4 өө), трубалар (2 өө),тромбондор (3 өө) жана туба (1 өө) кирет.

*Класс фонотекасынан Ф. Мендельсондун “To‘y marshi” күүсүн уккула*.



Флейта



Гобой



Кларнет



Фагот



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Труба



Туба



Тромбон



Валторна

## BOLALARNING KO'ZLARI

*Сөзү Камбар Атаныкы* — *Музыкасы М. Атажановдуку*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Dunyoda eng sof, tiniq,
Nurlar ichraeng yoniq.
Ko'rar ravshan va aniq,
Bolalarning ko'zlari.

К а й ы р м а :

Issiqdir yulduzlari,
Naqsh olmaday yuzlari.
Yolg'on aytmas so'zlarni
Bolalarning ko'zlari.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Vatanim deb charaqlar,
Xalq baxtidan yaraqlar.
Doim do‘stni so‘roqlar
Bolalarning ko‘zlari.

Кайырма:

Tinchlik bo‘lsin mustahkam,
G‘am ko‘rmasin biron dam.
Yashnab kulsin chinakam
Bolalarning ko‘zlari.



## НОТА СОЗУЛУШТАРЫН УЗАРТУУЧУ БЕЛГИЛЕР
### Чекиттүү нота

Обондор түрдүү-түстүү чыгышы үчүн композиторлор төмөндөгү айрым ноталардын созулушун “чекиттер” жана “лигалар” (ноталарды улоочу сызыктар) жардамында узартат.

Чекиттер (·) жардамында нота тең жарымына узарат; жана да түшүнүктүү болушу үчүн сандар менен көрсөтүү да мүмкүн:

𝅝 (4 чейрек) — 𝅝. (6 чейрек) = 4+2 = 6
𝅗𝅥 (2 чейрек) — 𝅗𝅥. (3 чейрек) = 2+1= 3
♩ (1 чейрек) — ♩. (3 сегиздик чейрек) = 1+0,5 = 1,5





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Симфониялык оркестрдин курамына кирүүчү жыгач жана жез үйлөмө аспаптар тобуна кайсы инструменттер кирет?
2. Ф. Мендельсондун “To‘y marshi” уктурулган үзүндүдө кандай үйлөмө аспаптар жаңырды?
3. Чекиттүү нота деген эмне?

## *9-сабак*. СИМФОНИЯЛЫК ОРКЕСТРДИН УРМА АСПАПТАР ТОБУ

Симфониялык оркестрдин урма аспаптар тобуна 20 дан ашык бүтүн дүйнөгө кеңири таркалган урма аспаптар кирет. Бирок литавралар, барабан, тарелка сыяктуу аспаптар дайыма колдонулат.

Симфониялык оркестр үчүн жаратылган музыкалуу чыгарма жаңырышы үчүн Өзбекстан композиторлору нагара жана дойралардан чебердик менен пайдаланышат. Бул обоңдордо өзгөчө эргүү бар.





**Барабандар**



**Тарелкалар**



**Литавралар**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Класс фонотекасынан Аваз Мансуровдун “Navro‘z bayramiga!” увертюрасын уккула.*

## АЙТАБЫЗ АЛКЫШ МЕКЕНГЕ

Сөзү *Т. Кожомбердиевдики* Музыкасы *С. Исраиловдуку*




2. Күчкө толуп элибиз,
   Гүлдөй берсин жерибиз.
   Ар убакта кам көргөн,
   Ата-Мекен демибиз.

*Кайырма:*

3. Жеңиштерди кубаттап,
   Желегимди кылактап...
   Алпештеген Мекенге,
   Айтат балдар ыракмат



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЛИГА

Лига да нота созулуштарын узартуучу белгилерге кирет. Анын жардамында нота созулушун узартса болот.



Мындай абалдарда нота добушун 1 демде ырдоо же бир аспапта үзгүлтүксүз аткарып туруу керек.

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Симфониялык оркестрдин урма аспаптар тобуна кайсы аспаптар кирет? Эң көп колдонула турганы кайсылар?
2. Симфониялык музыка дагы да өзбекче жаңырышы үчүн кайсы улуттук аспаптардан пайдаланылат?
3. Аваз Мансуровдун "Navro'z bayramiga!" деген увертюрасын угуп, алган таасирлериңерди айтып бергиле.
4. "Айтабыз алкыш мекенге" ырынын авторлору кимдер?
5. "Лига" дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР
## I чейрек

**1. Өзбек эл аспаптары оркестринин урма аспаптар тобун тапкыла.**


а)


б)


в)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Симфониялык оркестрдин жыгач үйлөмө аспабын тапкыла.**



а)




б)



в)

**3. Бас ачкычындагы До нотасын аныктагыла.**



а)




б)




в)


**4. Скрипкалык ачкычтагы До нотасын аныктагыла.**



а)




б)




в)


**5. Динамикалык белгилердин аттарын аныктагыла.**










http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II ЧЕЙРЕК

## ХОР ИСКУССТВОСУ. МУЗЫКАДА ВОКАЛДЫК-СИМФОНИЯЛЫК ЖАНРЛАР

### *1–2-сабактар*. ХОР ИСКУССТВОСУ. ХОР ЖАМААТТАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

Музыка маданиятында хор искусствосу чоң мааниге ээ. **Хор – көп үндө ырдоочу чоң жамаат болот.** Хор сөзүн эки түрдүү мааниде түшүнүү мүмкүн. Биринчиси – ырдоочу жамаат (коллектив) болсо, экинчиси – хор жамаатынын аткаруусуна болжолдоп жазылган музыкалык чыгарма. Хор катышуучуларынын саны 20-30 дан баштап, кээде 1000 жана андан ашык киши болушу да мүмкүн. Аспаптардын аткаруусунда көп үндүү музыканы укканыбыздай, хор каражатында да эки, үч жана андан көп үндүү чыгармаларды ырдоого жана угууга үйрөнгөнбүз.

Хор жамааттары да эрежелерге ылайык бир нече түргө бөлүнөт. Жалаң балдардан түзүлгөн хор – *балдар хору*, аялдардан түзүлгөн хор – *аялдар хору*, эркектерден түзүлгөн хор – *эркектер хору* деп аталат. Эркектер жана аялдардан түзүлгөн хор – *аралаш хор* делет. Балдар хору аралаш хордо да катышуусу мүмкүн.

Хордо 4 түрдүү үн бар: аялдарга жана балдарга мүнөздүү болгон үн – **сопрано** жана **альт** делет. Эркектерге мүнөздүү болгон үн– **тенор** жана **бас** делет. Санап өтүлгөн үндөрдөгү ар бир ырдоочу өз милдетин түшүнүп, туура аткарганда гана хордун толук жагымдуу жана көркөм образдуу угулушуна мүмкүндүк жаратылат.

Хор катышуучуларынын санына карата ***камералык хор, чоң хор, жыйма хор*** деп айтылат.

Хор жамааттары хор чыгармасын оркестр же аспаптардын коштоосунда аткарышат. Аспаптардын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

коштоосуз, өз үндөрүндө гана ырдоочу хор жамааты ***капелла*** делет. Капелла аткаруусу үчүн жазылган хор чыгармасы ***а'капелла*** деп аталат.

Хор жамаатынын сахнада өзүн тутуу эрежеси:


Сахнага чыгып жатканда адегенде 1-катар чыгып туруп алат, кийин калган катарлар турушат.

Сахнадан чыгып кетип жатканда 1-катар бир кадам алдыга жылып, калган катарлардын тартиптүү чыгып кетишин күтүп турат. Бул эреже – сахна маданиятына кирет.

*Класс фонотекасынан Наира Шарафиеванын "Childirma chola" ырын уккула.*

## YOMG'IR YOG'ALOQ

Сөзү Ф. *Шоисмаил* — Музыкасы Б. *Умиджановдуку*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ФЕРМАТА

Фермата[1] нота жана паузалардын узундук санын 1,5–2 барабарга созуу үчүн колдонула турган атайын белги. Ал 𝄐 же 𝄑 түрдө болуп, нота жана паузалардын үстү же астында болот.




Ферматанын узундугу чыгарманын көркөм мааниси жана жалпы характерине байланыштуу болот. Ферматалар өзбек улуттук катта ашулаларда да көп иштетилет.

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Хор дегенде эмнени түшүнөсүңөр жана кандай хордун түрлөрүн билесиңер?
2. "Тенор" жана "Бас" үндөрү кимдерге мүнөздүү?
3. Наира Шарафиеванын "Childirma chola" ырында кандай үндөрдү уктуңар?
4. Фермата дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

## *3–4-сабактар*. ХОРДУН АТКАРУУСУ ҮЧҮН ЭЛДИК ЫРЛАРДЫ ЫЛАЙЫКТАШТЫРУУ

Профессионал композиторлор хор үчүн атайын чыгармаларды жаратуу менен бирге, элдик ырларды да көп үндүү кылып хордун аткаруусуна ылайыкташтырышкан. XX кылымдын 50-жылдарында Мутал Бурхановдун коштоосуз хорлору үлгү даражасында көңүлдү бурган. Бул орунда анын "Yorlarim", "Endi sendek", "Bibigul", "Sari ko'hi baland" сыяктуу чыгармаларын санап өтүү керек.

Кийинчерээк М. Бурхановго желкедеш болуп, көптөгөн композиторлор элдик ырларды хордун аткаруусуна

[1] *ital*. fermata – токтоо,токтоп туруу.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ылайыкташтырышты. Буларга Сабир Бабаевдин “Chaman ichra”, Икрам Акбаровдун “Qoyilman”, Батыр Умиджановдун “Qilpillama”, Шермат Ёрматовдун ““Boychechak”, “Chittigul”, “Qari chumchuq chaqimchi”, Мустафа Бафоевдин “Mavrigi” сыяктуу чыгармаларын мисал катары келтирүү мүмкүн.

*Класс фонотекасынан Мутал Бурхановдун коштоосуз хорго ылайыкташтырган “Yorlarim” чыгармасын уккула.*




## BOYCHECHAK

*Өзбек элдик ыры*

*(Коштоосуз хор үчүн)*

*Шермат Ёрматов* балдар хору үчүн ылайыкташтырган.

**Жандуу, шайыр**






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Boychechakni tutdilar,
Simyog‘ochga osdilar,
Qilich bilan chopdilar,
Baxmal bilan yopdilar.

К а й ы р м а :

Qattiq yerdan qatalab
chiqqan boychechak,
Yumshoq yerdan yumalab
chiqqan boychechak.

## РИТМ (УСУЛ)


**Р и т м** – бул белгилүү бир күү музыкалык добуштарынын узун-кыска болуп алмашылып турушу. Ар кандай күү же ыр обонунун өз ритми бар. Мисалы, бардыгыбыз жакшы билген “Chamandagul” элдик ырынын ритми төмөнкүдөй:



Өзбек күү жана бийлеринин, айрыкча, дойранын усулдары түрдүү-түстүү жана татаал болот.

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Элдик ырларды хор үчүн ылайыкташтырган кайсы композиторлорду билесиңер? Чыгармаларын санап бергиле.
2. Берилген тапшырмалардагы өлчөмдү айтып бергиле.



3. “Boychechak” ырын хор үчүн ким ылайыкташтырган?

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *5-сабак*. МУЗЫКАДА ВОКАЛДЫК-СИМФОНИЯЛЫК ЖАНРЛАР

Музыка искусствосунда жанрлардын көптүгүн жакшы билесиңер жана санап бере аласыңар. **Вокалдык-симфониялык** жанрлары да кеңири таралган.

“Вокалдык - симфониялык” дегенде эмнени түшүнүшүбүз керек?

“Вокал” – бул ырдоону билдирсе, “симфониялык” дегени – симфониялык оркестр коштоочу болушун билдирет. Ырды солист (жеке) да, хор да ырдашы мүмкүн. Мындай көрүнүштө жаратылып, аткарылып жаткан чыгармалардын жанрларын анык белгилөө мүмкүн. Булар вокалдык-симфониялык сюита, поэма, ода, кантата же ораторияларга ажыратылат.

*Класс фонотекасынан М. Бафоевдин “Buxoroyi sharif” теле-опера дастанынан үзүндүлөр уккула.*

**O‘ZBEKISTONIM**

Сөзү *Ф. Шоисмаилдыкы* — Музыкасы *Ш. Рамазановдуку*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Tog'laringda kon –
Ma'danga makon,
Senga fido jon,
Gullagin, O'zbekistonim!

Sen ona yurtim,
Durdona yurtim,
Mardona yurtim –
Gullagin, O'zbekistonim!

Кайырма



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПАРТИТУРАЛАР ЖАНА КЛАВИРЛЕР

Ар кандай музыканын обону чыгарма сыпатында нотага түшүрүлсө, анын көрүнүшү партитура же клавир түрүндө болот.

**Партитура** – ансамбль, хор, оркестр үчүн жазылган чыгармалардын нота жазуусу. Мындай жамааттардын ар бир катышуучусу биргеликте аткаруучу обон жолдору, партитурада эрежелер боюнча асты-үстү кылып көп катарлуу атайын нота дептерине жайгаштырылат.

**К л а в и р** – ушул ансамбль, хор, оркестр же сахна чыгармаларынын музыкасын ыкчам формада, үн жана фортепиано аткаруусу үчүн болжолдоп жазылган нота дептериндеги же топтомдордо басылган көрүнүшү болот.




### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. “Вокалдык-симфониялык” жанр деген эмне?
2. Уктурулган “Buxoroyi sharif” чыгармасында силер кандай вокалдык үндөрдү аныктадыңар?
3. Партитурада кандай эрежелер бар жана алар кандай жайгаштырылат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *6–7-сабактар*. ОДА ЖАНРЫ. КАНТАТА ЖАНА ОРАТОРИЯЛАР

Көркөм сөз устасы, солист, хор жана оркестр үчүн жаратылган вокалдык-симфониялык багыттагы чыгармаларда кандайдыр бир образ макталса же Мекендин гимни эргип ырдалса, аларды **ода** жанрында жазылган, деп белгилөө мүмкүн. Композитор жана акын кызматташтыгында жаратылып жаткан жаңы чыгарманын либреттосун, башкача айтканда теманы толук ачып берүүчү сөздөрдү жана ырдын тексттерин мурдатан макулдашып жазып алышат. Кийин композитор бул либреттонун негизинде бир бүтүн музыка чыгармасы – ода жаратууга киришет. Одалар көбүрөөк майрам жана салтанаттарда аткарылат.

Вокалдык-симфониялык музыка багытында **кантата** жанры да кеңири таркалган. Бул жанрда жаратылган чыгармаларда азыркы доор, жаш тарыхтын маанилүү окуялары чагылдырылат. Кантаталар салтанаттуу, лирикалык жана эпостук характерде жазылып, бир нече бөлүктөн турушу мүмкүн. Бүткөн мааниге ээ бөлүктөрүн өзүнчө-өзүнчө аткарса да болот.

**Оратория** – вокалдык-симфониялык музыканын эң ири жанры болуп, адатта, драмалык темада жазылат. Драмалык окуялар сөз жана музыкада сезилип турса да, ырдап жаткан солисттер жана хор сахнада кыймыл-аракет кылбайт. Ораториянын кантатадан айырмасы анын көлөмү жагынан чоңдугу, эпостук-драмалык характерде болушу жана теманын кеңдигинде болот.

*Класс фонотекасынан Гафур Кадыровдун "Maktabjon – oftobjon" кантатасынан бөлүктөр, А. Ариповдун ырынын либреттосуна жазган М. Бурхановдун "Alisher Navoiyga qasida" чыгармасын уккула.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## OPPOQ QISH-EY, OPPOQ QISH

*Сөзү П. Муминдики* *Музыкасы А. Вареластыкы*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Dam olmoqda dalalar,
Keng vodiylar, daralar.
Fasl zavqi atrofga,
Qo‘shiq bo‘lib taralar.

Кайырма:

Oppoq qish-ey, oppoq qish,
Eh qorlari yumshoq qish.
Chana, konki o‘ynatgan,
Quvnoq qish-ey, quvnoq qish.

Tarnovlarda sumalak,
Ko‘llar oyna yaxmalak.
Ayting, ayting, bo‘lmasin,
Hech kim yo‘lda charxpalak.


Кайырма




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Фа мажор.**



**Ре минор.**



?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Ода, кантата, оратория жанрлары жөнүндө айтып бергиле.
2. “Oppoq qish-ey, oppoq qish” ырынын авторлору кимдер?
3. Берилген көнүгүүнүн өлчөмүн аныктагыла.



## БЫШЫКТОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР
## II чейрек

**1. Хордо канча түрдүү үн бар?**

а) 3 түрдүү;
б) 6 түрдүү;
в) 4 түрдүү;
г) 5 түрдүү.

**2. “Хор” дегенде эмнени түшүнөсүңөр?**

а) аспапчылардан түзүлгөн жамаат;
б) обон салуучу жамаат;
в) аспапчылар жана бийчилерден түзүлгөн жамаат;
г) ырчылар жамааты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**3. “Сопрано” жана “алт” үндөрү кимдерге мүнөздүү?**

а) эркектерге;
б) аялдар жана эркектерге;
в) аял-кыздар же балдарга;
г) аралаш хорго.

**4. XX кылымдын канчанчы жылдарында Мутал Бурхановдун коштоосуз хорлору үлгү даражасында болгон?**


а) 50-жылдарда;
б) 60-жылдарда;
в) 40-жылдарда;
д) 30-жылдарда.

**5. Төмөндөгү ребусту добуш аттарын коюп окугула.**



-y -k  -nora  -nut  -x  -n

**6. Төмөндөгү көнүгүүдө “х” ордундагы добуш узундугун аныктагыла.**




**7. Ритмин аныктагыла.**





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III ЧЕЙРЕК

## САХНАЛЫК МУЗЫКА ЧЫГАРМАЛАРЫ – БАЛЕТ ЖАНА БИЙ ИСКУССТВОСУ, МУЗЫКАЛЫК ДРАМА ЖАНА КОМЕДИЯ, БАЛДАР ҮЧҮН МУЗЫКАЛЫК ЖОМОК – СПЕКТАКЛДЕР

### *1-сабак*. САХНАЛЫК МУЗЫКА ЧЫГАРМАЛАРЫ

Сахналык музыка чыгармаларына – опера, балет, музыкалык драма жана комедия, оперетта, балдар үчүн жаратылган музыкалык жомок-спектаклдер кирет. Мекенибиздин ар бир перзенти жогоруда аттары санап өтүлгөн жанрларда жазылган чыгармаларды билиши, угуп, көрүп, аларды бири-биринен ажырата алышы керек. Мындай жанрларда жаратылган чыгармаларды сахналаштыруу үчүн бүтүн дүйнөдө болгону сыяктуу биздин Республикабызда да атайын театрлар бар. Мисалы, А. Наваий атындагы Чоң академиялык опера жана балет театры, Мукимий атындагы Республикалык мамлекеттик музыкалуу театры, Оперетта театры, Өзбек жана орус жаш көрүүчүлөр театрлары, Республикалык куурчак театры. облус жана шаарларыбыздагы Мамлекеттик театрлары.



**Алишер Наваий атындагы Чоң академиялык опера жана балет театры**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Мукимий атындагы Республикалык мамлекеттик музыкалуу театры**



**Алишер Наваий атындагы Чоң академиялык опера жана балет театры**



**Мукимий атындагы Республикалык мамлекеттик музыкалуу театры**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Класс фонотекасынан П. Чайковскийдин “Oqqush ko‘li” балетинен үзүндүлөр уккула.*

## CHEGARACHI QO‘SHIG‘I

Сөзү *Камбар Атаныкы* — Музыкасы *А. Мансуровдуку*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Tinchlik bag‘rida hayot,
Xalqimni deb bedorman.
Orom olar mamlakat,
Kecha-kunduz hushyorman.

К а й ы р м а:

Gullagan O‘zbekiston
Kamolimdan nishona.
Chegaramni har qachon
Qo‘riqlayman mardona.

Na yerdan, na osmondan
Xavf yo‘lamas yurtimga.
Sadoqatli posbonman,
Baxt qo‘shilar baxtimga.

К а й ы р м а

## МУЗЫКАДА ӨЛЧӨМДӨР

Ар кандай жаңырып жаткан же нотага түшүрүлгөн музыка чыгармасынын өз өлчөмү бар. Өлчөмсүз күү болушу мүмкүн эмес. Бул болсо чыгарманы угуучуга жеткирүүдө чоң жардам берет. Өлчөмдөрдүн айтылышы жана жазылышы төмөнкүчө:

Эки чейрек – 2/4
Үч чейрек – 3/4
Төрт чейрек – 4/4
Алты сегиздик – 6/8 жана башкалар.

Музыкада өлчөм сандары чыгарманын башталышында, ачкычтар жана альтерация белгилеринен кийин коюлат.

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Сахналык музыка чыгармаларына кандай спектаклдер кирет?
2. Республикабыздагы бар болгон театрларды санап бере аласыңарбы? Кайсы театрларга баргансыңар же барып көрүштү каалайсыңар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Уккан музыкалык үзүндүлөр бири-биринен айырмаланабы? Айтып бергиле.
4. “Chegarachi qo‘shig‘i” ырынын авторлору кимдер? Ырдап бергиле.

## *2–3-сабактар*. БАЛЕТ ИСКУССТВОСУ. ӨЗБЕК БАЛЕТИ

**Балет** – музыка жана бий аракеттери аркылуу образдар, окуяларды жаратуу искусствосу. Балет чыгармасын драмалык тема, бий, жест көрсөтүү, назик кыймылдар, музыка, сахна жасалгалары жана кийим-кечектер түзөт.

Бүтүн дүйнөгө белгилүү болуп кеткен – “Oqqush ko‘li”, “Qarsildoq” жана “Uyqudagi go‘zal” балеттерин XIX кылымда жашаган орус композитору Пётр Ильич Чайковский жараткан. Бул балеттерди биздин элибиз да жакшы билет, сүйүп көрүшөт. XX кылымда жаратылган “Gayane”, “Spartak” (Арам Хачатурян), “Boqchasaroy fontani” (Б. Асафьев), “Romeo va Julyetta”, “Zolushka” (С. Прокофьев) балеттерин да көпчүлүк билет.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Балет искусствосу Өзбекстанда да өрчүгөн. XX кылымдын 30-жылдарынан баштап “Paxta” (Рославец), “Orzu” (И. Акбаров),“Sevgi tumori” (М. Ашрафий), “Tanavor” (А. Козловский) сыяктуу балеттер жаратылды. 80-жылдарда өзбек композитору Улугбек Мусаев тарабынан жаратылган “Hind dostoni” жана “To‘maris”, Аваз Мансуровдун 1 көшөгөлүү “Sharq afsonasi”, Анвар Эргашевдин “Humo” балеттери эл оозуна түштү. 90-жылдарда болсо Мустафа Бафоев “Ulug‘bek burji” жана “Nodira” улуттук бий стилиндеги балеттерди жаратты.

Балет искусствосун бардык элдер бирдей түшүнүшөт жана сүйүп көрүшөт. Мындан кийин да жогорку үлгүдө өзбек балеттери жаратылып, бүтүн дүйнөгө даңкы таралат.

*Класс видеотекасынан Улугбек Мусаевдин “To‘maris” балетинен үзүндүлөр көргүлө же фонотекадан А. Мансуровдун “Sharq afsonasi” балетинен үзүндүлөр уккула.*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## SUMALAK

Сөзү *Т. Бахрамовдуку* Музыкасы *Ш. Ёрматовдуку*




http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Tomchilar billur rangda,
Qarang, qarang, qarang-a,
Koʻz yoshin qilmas kanda,
Attang, attang, attang-a.

Qishni kuzatsa kerak
Sumalak,
Bahordan berib darak...
Chak-chak, chak-chak,
chak-chak-chak.

## ДИРИЖЁРЛУК ИСКУССТВОСУ



**Д и р и ж ё р** – музыка чыгармасын аткаруучу жамааттарга жетекчилик кылуучу өнөрпоз. Ал музыка багытында терең билимге ээ болушу керек. Дирижёр аткаруучу жамаат менен даярдыкты музыка чыгармасынын массалык аткарылышына карата биргеликте алып барат. Ал аткаруу убагында чыгарманын багыт ылдамдыгы, динамикалык түзүлүшү, аткаруучулардын тыныгуу же аткаруу убагын көрсөтүп турат, ошондой эле, жамаатты бириктирет жана шыктандырат. Дирижёрлук искусство жана кесип катарында XIX кылымдын акыры жана XX кылымдын баштарында калыптанган. Дирижёрлор эки багытта иш-аракет алып барышат. Оркестр дирижёру жана хор жамаатынын дирижёру. Өзбек оркестр дирижёрлорунан М. Ашрафий, Д. Абдурахманова, З. Хакназаров, Е. Азимов, Ф. Абдурахимованы жана хор жамаатынын дирижёрлоруна Б. Умиджанов, Ш. Ёрматов, Ж. Шукуровдорду мисал кылып келтирүү мүмкүн. Өлкөбүздүн музыка маданиятынын жогорулашында дирижёрлук искусствосунун өсүп баруусу чоң мааниге ээ.

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Балет деген эмне?
2. Кандай өзбек балеттерин билесиңер?
3. “Toʻmaris” балетинин автору ким?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Пётр Чайковский жараткан жана башка белгилүү балеттердин аттарын билесиңерби?

5. “Oqqush ko‘li” укканыңарда силерге жаккан обонун ырдап бергиле.

## *4–5-сабактар.* ӨЗБЕК БИЙ ИСКУССТВОСУ. ӨЗБЕК БИЙ МЕКТЕПТЕРИ

Ар бир элдин байыртадан калыптанып келе жаткан өз бий искусствосу жана ушул бийлерди туюнтуучу күүлөрү болот. Өзбек эл бийлери да кеңири жалпылашкан болуп, назик аракеттер жана аларга жарашкан улуттук кийимдер менен көркөм образдар жаратылат.

“Dilxiroj”, “Qari navo”, “Zang”, “Duchava” сыяктуу бий күүлөрү жаңырганда көз алдыбызга анык бий аракеттери келет. XX кылымдын 2-жарымынан баштап Мухаммаджан Мирзаев, Бахтиёр Алиев жана башка композиторлордун жаңы күү-обондору негизинде өзбек бий искусствосу өнүктү. Буга Мукаррама Тургунбаева, Исахор Акилов, Кундуз Миркаримова, Юлдуз Исматова сыяктуулардын сахналаштырган бийлери Өзбекстан бий искусствосунун алтын фондуна киргизилген.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Класс фонотекасынан М. Мирзаевдин “Bahor valsi” чыгармасын жана башка бий күүлөрүн уккула.*

## МЕКЕНГЕ

Сөзү *А. Өмүрзаковдуку* Музыкасы *Ж. Шералиевдики*




Турпагың дене жанымбы,
Сууларың бойдо канымбы.
Гүлмүңдөй берет барысы,
Гүлдөрүң жаштык чагымбы.

Абаңдан эркин дем алып,
Ар күнүм таалай багымбы.
Толугун билбей жатамбы,
Тоолоруң түпкү атамбы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МУКАРРАМА ТУРГУНБАЕВАНЫН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ



Өзбекстан эл артисти, Өзбекстандын атактуу бийчиси, балетмейстер, массалык өзбек сахна бийи жана “Bahor” бий ансамблинин негиздөөчүсү Мукаррама Тургунбаева 1913-жылы 31-майда Ферганада туулган. 1929–1933-жылдарда Мукаррама Тургунбаева музыкалуу театр-студиясында улуттук бий боюнча атактуу устат Уста Алим Камилов, чебер бийчи жана артист Юсуфжан кызык Шакаржановдон өзбек, Европа классикалык бийи, сахналык-элдик жана эстрада бий искусствосу боюнча Тамараханым сыяктуу устаттардан сабак алган.

Хореография окуу жайында окуп жүргөн кезинде эле Мукаррама Тургунбаева Тамара Юнусова үчүн “Bahor” бийин сахналаштырат, ал болсо “Bahor” бийин Москва, Варшава, Индия, Кытай ж.б. көптөгөн мамлекеттердин шаарларында ийгиликтүү аткарат. Мукаррама Тургунбаева аткаруучулук жана балетмейстерлик иш-аракетинен тышкары 1947-жылдан баштап өзбек хореография окуу жайында педагогдук иш-аракетин да алып барган. Анын шакирттеринин арасында белгилүү өзбек бийчилери Халима Камилова, Кундуз Миркаримова, Флора Кайдани, Тамара Юнусова, Рано Курбанова, Бернара Кариева, Севиля Хайбуллаева жана башкалар болгон. 1957-жылы Мукаррама Тургунбаева “Bahor” улуттук бий ансамблин түзүп, бул жамаат үчүн 15 концерттик программасын жаратып, аларды сахналаштырат. Мукаррама Тургунбаева



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өзбек хореографиясынын алтын фондуна киргизилген "Tanovar", "Katta oʻyin", "Jonon", "Pilla", "Paxta" сыяктуу өзбек улуттук бийлеринин негиздөөчүсү жана аткаруучусу болуп эсептелет.

1960-жылы "Bahor" Өзбекстан Мамлекеттик улуттук бий ансамблине айланат. Мукаррама Тургунбаева 1978-жылы 26-ноябрда Ташкент шаарында дүйнөдөн өткөн.

## ӨЗБЕК БИЙ МЕКТЕПТЕРИ

Өзбекстанда бий искусствосунун калыптанышына негиз салган бий усталары жана устаттары катарында Юсуфжан кызык Шакаржанов, Уста Алим Камилов, Тамараханым, Мукаррама Тургунбаева, Исахор Акилов, Галия Измайлова, Елизавета Петросова, Кундуз Миркаримова, Разия Каримовалар тан алынган.

Өзбекстан аймагында азыркы күндө өзүнө мүнөздүү болгон темасы, дойра урмалары жана жагымдуу обондоруна ээ болгон 5 бий мектеби бар. Булар:

Фергана–Ташкент мектеби; Бухара мектеби; Харезм мектеби; Сурхандарыя–Кашкадарыя мектеби; Каракалпак мектеби.

## ФЕРГАНА–ТАШКЕНТ БИЙ МЕКТЕБИ

Фергана бийлери байыртадан "Katta oʻyin" ("Чоң оюн") жана "Kichik oʻyin" ("Кичи оюн") түрлөрүнө бөлүнгөн. "Чоң оюн" 280 ден ашык дойра усулдарына ылайык аракеттерден түзүлүп, негизинен чоң аянттарда аткарылган. "Кичи оюн" болсо үйлөрдө аткарылган. Анда улуттук аспаптардын коштоосунда ырларга (ялла жана лапарларга) бийлешкен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Фергана–Ташкент бий стилинде “Tano-varlar” маанилүү орунду ээлейт. Тановардын элдик ыр жолундагы “Qorasoch” (сөздөрү элдики), “Endi sendek” (сөзү Мукимийники) варианттары дутардын коштоосунда аткарылган. Тановар алгачкы жолу Мукаррама Тургунбаева тарабынан XX кылымдын 40-жылдарында сахналаштырылган. Устат өнөрпоз 1957-жылы “Bahor valsi”, “Bayot”, “Pilla”, “Rohat”, “Paxta”, “Tanovar”, “Katta o‘yin”, “Munojot”, “Namangan-ning olmasi” жана башка жүздөгөн бийлерди сахналаштырышат. Ушул бийлер көптөгөн чет мамлекеттерде көрсөтүлүп, алкыштарга ээ болгон.

## ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбек бий искусствосу жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. “Bahor valsi” музыкасынын автору ким?
3. “Мекенге” ырынын авторлору кимдер? Ырдын сөздөрүн жаттап алгыла.
4. Мукаррама Тургунбаеванын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө эмнелерди билип алдыңар?
5. Фергана бий мектебинин негиздөөчүсү ким?
6. Фергана бий мектебинин эң белгилүү бийлери кайсылар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *6-сабак*. ХАРЕЗМ БИЙ МЕКТЕБИ



Өзбек элдик бий стили Харезм чөлкөмүндө (оазис) байыркы замандардан бери калыптанып, кылымдар бою өнүгүп келген.

Харезм сахна бий мектебинин негиздөөчүсү, Өзбекстан эл артисти Гавхар Рахимова 1968-жылы Харезмде “Lazgi” бий ансамблин түзүп, көп жылдар ушул ансамблге жетекчилик кылды. Ансамблдин программасында Уста Алим Камилов менен сахналаштырылган “Ufori sohta”, “O‘zbekiston qizlari”, “Jayhun misoli”, “Lazgi”, “Ko‘zim qarog‘im”, “Lazgi salomi” сыяктуу харезм бийлери жай алган. Кийинчерээк ал Харезм макамдарына да “Yurak uyg‘ondi”, “Xiva qizlarining lazgisi”, “Oltin zangi”, “Baxtiyor onlar” сыяктуу бийлерди сахналаштырат.

## БУХАРА БИЙ МЕКТЕБИ



Бухара бий мектебинде кол, бут, жүз (келбет) жана дене аракеттери Фергана жана Харезм мектептери сыңары өзүнө мүнөздүү болгон ыр-күүлөрдүн обондору стилдеринен келип чыгып калыптанган. Буттун бир орундан жылбай, кол аракеттеринин кескиндиги, көөдөндүн жана караштардагы чоң маанилүүлүк, чын дилден, желкени титиретиши менен көрүүчүлөргө көтөрүңкү маанай тартуулайт. Аял-кыздардын аткаруусунда “Buxorcha”, дойранын коштоосундагы эркектердин “Mavrigi”, ошондой эле, “Qayroqi ifori”, “Lar-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

zon", "Zang" сыяктуу бий үлгүлөрүн көпчүлүк жакшы билет, аларды бири-биринен оңой эле ажырата алышат.

Бухара бий мектебинин негиздөөчүлөрү Исахор Акилов жана Маргирита Акиловалар болуп эсептелет.

## *7-сабак*. КАРАКАЛПАК БИЙ МЕКТЕБИ



Өзбекстан маданиятынын бир канаты катарында кылымдар бою өнүгүп келе жаткан Каракалпакстан маданиятын көрүүгө болот. Анын маданий мурасынын байлыгын, каада-салттарынын эзелки экендиги элдик чыгармачылыкта, өзгөчө, бий искусствосунда анык сезилип турат. Каракалпак эли, негизинен майрам күндөрүндө өзү жашап турган кыр-адырлардын жан боорлорунда, айылдардын кооз жерлеринде бийлегенди жакшы көрүшкөн. Бийлер аркылуу кубанышып, жашоодон ыракаттанышын, арыу-тилектеринин орундалышын дене, желке, баш, кол, бут аракеттеринде көрүүчүлөргө түшүнүктүү түрдө туюнткан.

XX кылымда каракалпак элдик бийи кесиптик даражага көтөрүлүп, сахналарда көрсөтүлө баштаган. "Ayqulash" (Айлуу түн), "Shag'ala" (Чайка кушу), "Shopanlar", (Чабандар), "Aral jigitleri" (Арал жигиттери), "Suo'g'a barg'an qiz" (Сууга барган кыз) сыяктуу бий сахна көрүнүштөрү менен каракалпак эли өзүн дүйнө элдерине тааныткан.

XX кылымдын 1956–1970-жылдарында Каракалпакстанда жашап, чыгармачылык иш-аракетин алып барган белгилүү бийчи жана балетмейстер Елизавета Петросова ("Лизаханым" псевдоними менен таанылган устат) Каракалпак мамлекеттик филармониясында бий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ансамблдеринин түзүлүшүнө жанкүйөрлүк көрсөткөн. Ал сахналаштырган “Qoraqalpoq to‘yi” бий сюитасы, “Qiz uzatish”, “Ba liqchilar”, “Oq oltin”, “Qirq qiz” сыяктуу Каракалпак бий мектеби калыптанганынан далалат берген. Алар дүйнө сахналарында көрсөтүлүп, алкыштарга ээ болгон.

## СУРХАНДАРЫЯ-КАШКАДАРЫЯ БИЙ МЕКТЕБИ



Сурхандарыя–Кашкадарыя бий мектеби өзбек маданиятынын өнүгүшүндө өз ордуна ээ болуп, элдик чыгармачылыктын жогорку үлгүсү катарында өзүнчө көңүл бөлүүгө ылайыктуу. Сурхан чөлкөмү байыркы тарыхка ээ экендиги менен адамзат маданиятынын өнүгүүсүнө да өз таасирин көрсөткөн.

Сурхандарыя–Кашкадарыя бий мектебинин негизги багыты кол, бут, дене аракеттеринин маани-мазмуну табият өзгөрүүлөрү, ушул аймактын климаты, жыл мезгилдеринин өзгөрүүлөрү менен байланыштуу абалда калкынын жашоо түрүн, шарттарын, эмгегин чагылдыруудан турат. Өзгөчө, жазгы эмгек мезгилинин келишинен мурда – “Navro‘z”, “Gul sayli”, “Shox moylash”, жайкы мезгил алды – “Suv sayli”, “Choy momo”, “Shamol chaqirish” , күзгү түшүмдү жыйноодон мурда –“Xirmon to‘yi”, “Uzum sayli”, “Qovun sayli”, кышта болсо – “Qorxat”, “Yasan-tusan”, “Gap-gashtak” сыяктуу көрүнүштөр бийлер аркылуу билдирилет. Фольклордук ыр-күүлөрдүн мазмуну бири-бирине ылайык жана мүнөздүү аракеттер, көркөмдүү улуттук кийимдер аркылуу ачып берилет.

Чөлкөмдүн эзелки маданий мурасы эл аралык масштабда көп жылдардан бери өткөзүлүп келе жаткан –



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

“Boysun bahori” деп аталуучу ачык фольклордук фестивалы аркылуу бүткүл дүйнө элдерине обон салынат.

*Класс фонотекасынан Сурхандарыя–Кашкадарыя жана Каракалпак бий күүлөрүнөн үлгүлөр уккула.*

## НООРУЗ МАЙРАМ

Сөзү-обону *Гүлмира Эсенгулованыкы*




Чертчи, ата, эски күүдөн,
Шаңдуу күүлөп комузуң.
Элге жакшы маанай берсин,
Күлкү берсин Ноорузум.

*Кайырма:*

Мына кайра жайнап күлдүң,
Нooруз – унут калганым.
Сени даңктап ырдайт,
Бүгүн кыргыз балдарың.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТАМАРАХАНЫМ



Өзбек профессионал бий негиздөөчүлөрүнөн бири, Өзбекстан эл артисти, ырчы, бийчи жана балетмейстер Тамараханым (Тамара Артюмовна Петросян) 1906-жылы Фергана облусунда туулган.

Жаш кезинен искусствого кызыккандыгы себептүү алгач Маргилан, Фергана аялдарынын арасында бий бийлеп, ыр ырдаган. Юсуфжан кызык Шакаржанов, Уста Алим Камиловдордон өзбек бий аракеттерин, Хамзадан ырчылык, актёрлук чеберчиликти үйрөндү. 1923–1924-жылдарда Москва театр техникумунда билим алган. 1924-жылы М. Кариякубов жетекчилигиндеги концерттик труппада иштеп, ушул труппа менен 1925-жылы Парижде өзбек бий искусствосун көрсөттү. Тамараханым “Lolaxon”, “Qorasoch”, “Bilak-uzuk”, “Oyijon”, “Fabrikaning yo‘lida”, “Qizlar, shitobingiz nima”, “Gulyor” ырлары, “Dilxiroj”, “Qarinavo”, “Usmoniya” бийлерин сахналаштырган. Тамараханым экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында концерттик бригадалары менен армия бөлүктөрүндө кызмат кылган жана анын аткаруусунда 500 дөн ашуун ыр жана бийлер 86 тилде жаңырган. Тамараханым Франция, Норвегия, Германия, Италия, Турция, Иран, Индия сыяктуу мамлекеттерде болуп, Өзбек улуттук бий искусствосун пропаганда кылды.

2001-жылы “Buyuk xizmatlari uchun” ордени менен сыйланды. Ташкент шаарында анын үй музейи иштеп турат. Бул музейде түрдүү улут бийлерине тиешелүү кийимдери, өздүк буюмдары, түрдүү жылдардагы афиша жана сүрөттөрү сакталат. Ушул жай бүгүнкү күндө элдин зыярат жайына айланган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Каракалпак бийин XX кылымда сахнага алып чыгып, анын андан ары жана да өркүндөшүнө кимдердин кызматтары чоң болгон?
2. Сурхандарыя бийлериндеги аракеттер жана анын бүтүндөй бир бөлүмү эмне деп аталат?
3. Белгилүү Каракалпак бийлеринин аттарын айтып бергиле.
4. Тамараханымдын бий искусствосуна кошкон салымы жөнүндө айтып бергиле.

## *8-сабак*. МУЗЫКАЛЫК ДРАМА ЖАНА КОМЕДИЯ

Өзбекстанда музыка искусствосунун бардык жанрлары катары музыкалык драма жана комедия – сахналык музыка чыгармалары да кеңири таралган. XX кылымдын 30-жылдарынан баштап, Европа опараларына окшоштуруп тууроо сыпатында бул жанрлар өнүккөн.

**Музыкалык драма** – аспап жана вокалдык музыка негизги орунду ээлеген драмалык сахна чыгармасы болот. Тухтасин Жалиловдун "Tohir va Zuhra", "Нурхон", Талибжан Садыков жана Р. Глиэрлердин "Layli va Majnun", кийинчерээк Ю. Ражабий, Сайфи Жалил, Мустафа Бафоев, Фархад Алимов сыяктуу композиторлор жараткан чыгармалар музыкалык драма жанрынын жаркын үлгүлөрүнө айланган.

Музыкалык комедиянын музыкалык драмадан айырмасы абдан аз. Аларды драмалык теманын багытына карап гана ажыратыш мүмкүн: олуттуу темадагысы – музыкалык драма болсо, сатиралык темадагысы – **музыкалык комедия** болот.

Ошон үчүн комедиялардын музыкасы да жеңил, жаркын обондордо болот. Азербайжан композитору Узеир Гаджибековдун "Arshin mol-olon", Манас Левиевдин "Tosh-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

bolta oshiq” жана “Oltin ko‘l”, Икрам Акбаровдун “O‘jarlar” сыяктуу чыгармалары буга мисал боло алат.

*Класс фонотекасынан “To‘ylar muborak”, “Otmagay tong” жана “Toshbolta oshiq” чыгармаларынан үзүндүлөр уккула.*

## “ЭКИ ЧЕЙРЕК” (2/4) ӨЛЧӨМҮНДӨ ДИРИЖЁРЛУК

Бул өлчөмдө дирижёрлук кылыш үчүн жакшынакай келбет менен тик туруп, эки кол желке бийиктигинде алдыга көтөрүлөт, бармактар бош коюлат. Дем тартып, эки кол бир тегиз төмөндөгү сызып коюлган багыт боюнча аракеттене баштайт:


Сол кол Оң кол




“Бир” дегенде колдор төмөнгө түшүп, жан жакка кетет, “эки” дегенде жогоруга көтөрүлөт жана бул кыймыл бир калыпта музыка бүткөнгө чейин кайталана берет.

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Т. Жалилов жана анын “Tohir va Zuhra” музыкалык драмасы жөнүндө айтып бергиле.
2. Музыкалык комедияны мүнөздөп бергиле.
3. “Нооруз майрам” ырын ырдагыла.
4. Такт сызыктарын койгула.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *9-сабак.* УЗЕИР ГАДЖИБЕКОВДУН "ARSHIN MOL-OLON" МУЗЫКАЛЫК КОМЕДИЯСЫНЫН ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ИСКУССТВОСУНДАГЫ ОРДУ ЖАНА МААНИСИ



Узеир Гаджибеков 1885 –1948-жылдарда жашап, чыгармачылык кылган улуу азербайжан композитору. Анын аты элдерге таралган, обондору бардыгына тааныш болуп калган. Буга негизги себеп, өз элинин музыка мурасын жеткилең билүү менен бирге, дүйнө маданиятын да тереӊ үйрөнгөн. Ушундай билимдерге ээ чыгармачыл адам гана бардык адамдарга жага турган чыгармаларды жаратуусу мүмкүн.

"Arshin mol-olon" музыкалык комедиясы дүйнө элдери искусствосунун берметине айланып кеткени бекеринен эмес, албетте. Бул чыгарма өзбек элинин да сүйүктүү чыгармаларынан бири, бардык театрларыбызда сахналаштырылган. 1945-жылы "Arshin mol-olon" кинофильми тартылган.

*Класс фонотекасынан "Arshin mol-olon" күүырларынан угуп, ыракат алгыла.*

## "ҮЧ ЧЕЙРЕК" (3/4) ӨЛЧӨМҮНДӨ ДИРИЖЁРЛУК


Жакшынакай келбет менен дирижёрлук абалын ээлеп, эки кол бири-бирине тескери 3 багытта төмөндө сызып коюлгандай аракеттене баштайт:




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сол кол




Оң кол




## СЕН ГҮЛ БОЛСОҢ

Сөзү *М. Буларкиеваныкы*

Музыкасы *Б. Исаковдуку*




Чиркин дечи,
Сен гүл эмес.
Мен суу эмес түбүңдө,
Же болбосо кучагыңда,
Же кыналып бүрүңдө. 2 жолу.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ?! Суроо жана тапшырмалар

1. У. Гаджибеков кайсы жылдарда жашап чыгармачылык кылган?
2. У. Гаджибеков жана анын “Arshin mol-olon” музыкалык комедиясынын орду жана мааниси жөнүндө сүйлөп бергиле.
3. 3/4 өлчөмүндө такт сызыгын койгула.



4. “Үч чейректе” дирижёрлук кылуу үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?
5. “Сен гүл болсоң” ырынын авторлору кимдер?

## *10-сабак*. РЕСПУБЛИКАНЫН ТЕАТРЛАРЫНДА БАЛДАР ҮЧҮН ЖАРАТЫЛГАН МУЗЫКАЛЫК ЖОМОК-СПЕКТАКЛДЕР



Өзбекстан композиторлору республикабыздагы болгон бардык театр жамааттары жана драматургдары менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кызматташтыкта жыл сайын балдар үчүн ондогон музыкалык жомок-спектаклдерди жаратышат.

Республиканын театрларында балдар үчүн коюлуп жаткан эң жакшы музыкалык жомок-спектаклдердин аттарын жана алардын авторлорун эстеп калгыла.

**Мукимий атындагы Республикалык мамлекеттик музыкалуу театрында:**

*Толкун Ташматов* – "Ur, to'qmoq!", "Muzaffar – quyosh farzandi".
*Надим Нархожаев* – "Tuyaqush – boyaqish".
*Аваз Мансуров* – "Kachal polvon va Garmsel", "Ne bo'ldi menga?", "Oloviddinning sehrli chirog'i".
*Мустафа Бафоев* – "Yettinchi jin".

**Республикалык жаш көрүүчүлөр театрында:**

*Анвар Эргашев* – "Balli, uloqcha!", "Sehrli kitob".
*Аваз Мансуров* – "Qo'ng'iroqli yolg'onchi".
*Надим Нархожаев* – "Jo'jalarim".

**Республикалык куурчак театрында:**

*Абдусаид Набиев* – "Fotimaning sarguzashtlari".
*Аваз Мансуров* – "Xo'ja Nasriddinning 41 pashshasi", "Ur, to'qmoq!", "Uchar kavush", "Sho'x shaytonchalar".
*Анвар Эргашев* – "Sehrli harflar oroli".
*Алишер Икрамов* – "Oloviddin va sehrli chiroq", "Oltin kalitcha".



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


*Класс фонотекасынан Аваз Мансуровдун "Uchar kavush" спектаклинен ыр - күүлөрдү уккула.*




## "ТӨРТ ЧЕЙРЕК" (4/4) ӨЛЧӨМҮНДӨ ДИРИЖЁРЛУК

"Төрт чейрек" (4/4) өлчөмүндө кол 4 багытта аракеттенет:

Сол кол




Оң кол






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

"бир" дегенде колдор төмөнгө түшүрүлөт;
"эки" дегенде алар бири-бирине карай багытталат;
"үч" дегенде оң кол оңго, сол кол солго карай багытталат;
"төрт" дегенде колдор жогоруга көтөрүлөт.

Дирижёрлук аракеттери бир тегиз музыка бүткөнгө чейин улантылат.

Кайсы өлчөмдө дирижёрлук кылынышына карабай күү бүткөндө кудум эле илинип турган жипти үзгөндөй бир азга катып турулат.

?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Республикабыздын театрларында балдар үчүн жаратылган музыкалык жомок-спектаклдер жөнүндө айтып бергиле.
2. Композиторлордун санап өтүлгөн чыгармаларынын аттарын айтып бергиле.
3. "Fotimaning sarguzashtlari", "Uchar kavush" жомок-спектаклдери чыгармасынан ыр жана обондорду ырдап бергиле.
4. Өзүңөргө шерик тандап "Сен гүл болсоң" ырын ырдап бергиле.
5. Такт сызыгын койгула.



## БЫШЫКТОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР

### III чейрек

**1. Биринчи өзбек балетинин атын тапкыла.**

а) "Paxta";
б) "Bo'ron";
в) "Maysaraning ishi";
г) "Tohir va Zuhra".



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Балет искусствосу Өзбекстанда качан өнүккөн?**

а) XX кылымдын 30-жылдарында;
б) XX кылымдын 40-жылдарында;
в) XX кылымдын 50-жылдарында;
г) XX кылымдын 60-жылдарында.


**3. Кайсы бий Фергана–Ташкент мектебине тиешелүү?**

а) “Tanovar”;
б) “Lazgi”;
в) “Mavrigi”;
г) “Larzon”.

**4. Музыкалык жомок-спектаклин тапкыла.**

а) “Oloviddinning sehrli chirog‘i”;
б) “Qarsildoq”;
в) “Hayvonlar sultoni”;
г) “Uyqudagi go‘zal”.

**5. Өлчөмүн тапкыла.**



http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV ЧЕЙРЕК

# ОПЕРА ИСКУССТВОСУ ЖАНА ӨЗБЕК МУЗЫКАСЫНДА ОПЕРА ЖАНРЫ

## *1-сабак.* ОПЕРА ИСКУССТВОСУ

**Опера** – музыка искусствосунун эң ири жанры эсептелинет. Ал композитордун талабына жооп бере турган либретто, башкача айтканда ыр-драмалык пьеса негизинде жаратылат. Опера да театр тамашасы, бардык сахна жасалгалары, кийим-кечектер, бий аракеттери жана башкалар чыгарманын темасын, болуп жаткан окуянын доорун ачып берүүгө кызмат кылат. Операда окуялар, айтылуучу сөздөр, ырдала турган ырлар, бардыгы музыкага негизделген болот.

Опера XVI кылымдын акырларында Италияда пайда болгон. Ал темасы жана музыка тилине карап, негизинен, 2 түргө, башкача айтканда оор, олуттуу жана сатиралык операларга бөлүнөт.

Италиялык композитор Жузеппе Верди, австриялык композитор Вольфганг Амадей Моцарт опера жаратуунун эң мыкты үлгүлөрүн жазып кеткендеринен кийин, бул жанрдын өнүгүшү XIX кылымда Россияда жогоруга көтөрүлдү. Муну бүтүн дүйнө элдери тан алат. Композитор Михаил Глинка (1804–1857-жылдарда жашап, чыгармачылык кылган) “Иван Сусанин”, “Ruslan va Lyudmila” операларын жаратып, орус опера искусствосуна негиз салды.

*Класс фонотекасынан М. Глинканын “Ruslan va Lyudmila” операсынан увертюра жана үзүндү уккула.*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## НОТА СОЗУЛУШТАРЫН ТАКТЫЛАРГА БӨЛҮҮ

Нотага түшүрүлгөн күүнүн анык өлчөмү болсо, ал албетте тактыларга бөлүнөт. Кандайдыр бир күү ноталарын тактыларга бөлүү үчүн күүнүн күчтүү жана күчсүз бөлүктөрүн сезиш керек. Мындай тапшырмаларды атайын музыка мектептеринде окуп жаткан балдар аткарышат. Бирок, жөнөкөй чейректер менен жазылган күүнү түрдүү өлчөмдөргө ажыратып, такт сызыктарын коюп чыкса болот. Мисалы:



## ZAVQING SOCH QALDIRG‘OCH

Сөзү *Камбар Атаныкы* Музыкасы *Н. Нархожаевдики*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Опера искусствосу качан жана каерде пайда болгон?
2. Опера эмненин негизинде жаратылат?
3. Опералар канча түргө бөлүнөт?
4. Либретто дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

## 2-сабак. ДҮЙНӨЛҮК ОПЕРА ИСКУССТВОСУНДА ЖУЗЕППЕ ВЕРДИНИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ОРДУ ЖАНА МААНИСИ



Жузеппе Верди 1813–1901-жылдарда жашап, чыгармачылык кылган италиялык улуу композитор. Анын "Аида", "Риголетто", "Травиата", "Отелло" сыяктуу опералары ушул жанрда жаратылган 27 чыгармасынын ичинде эң мыктылары болуп саналат. Вердинин опералары сахнага коюлуп, биринчи аткарылган күн Италияда майрамга айланып кетер эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эл авторду алкыштап, азыр гана уктурулган опералардан күү-ырларды жаттап алып, көчөлөрдө ырдашып, үйлөрүнө кайтышкан.

Албетте, мындай ийгиликтердин себеби, Ж. Верди өз элинин күү-обондорун жакшы билиши жана өткүр сезимтал чыгармачыл катарында угуучулардын муктаждыгын жакшы сезген.

Ж. Вердиден кийин бүткүл дүйнө элдеринен чыккан композиторлор, анын даражасында опералардты жаратууну эңсешет, тилек кылышат. Демек, дүйнөлүк опера искусствосунда Ж. Вердинин чыгармачылыгынын өз орду бар жана мааниси чоң.


*Класс фонотекасынан Ж. Вердинин “Аида” жана “Риголетто” операларынан үзүндүлөр уккула.*

*Такт сызыгын койгула.*



## ?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Ж. Верди канчанчы жылдарда жашап чыгармачылык кылган?
2. “Zavqing soch qaldirg‘och” ырын кимдер жараткан?
3. Ж. Вердинин кандай чыгармаларын билесиңер?
4. “Zavqing soch qaldirg‘och” ырында кандай динамикалык белгилер колдонулган?
5. Төмөндөгү көнүгүүлөрдү аткаргыла.





http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# *3-сабак*. В. МОЦАРТ, Ж. БИЗЕ, П. ЧАЙКОВСКИЙ, Н.РИМСКИЙ-КОРСАКОВ СЫЯКТУУ ДҮЙНӨГӨ БЕЛГИЛҮҮ БОЛГОН КОМПОЗИТОРЛОРДУН ОПЕРАЛАРЫ



Жорж Бизе
(1838–1875)

Опера искусствосу пайда болгондон бери канча-канча композиторлор дүйнөгө келип, ушул жанрда калем шилтеп көрүшкөн. Түрдүү тилдерде көптөгөн опералар сахналаштырылган. Алардан кээ бирлери бир жолу, башкалары көп жолу коюлган. Бирок аз гана авторлордун опералары Жузеппе Вердинин опералары сыяктуу кылымдардан кылымдарга өтүп келүүдө...

Ушул опера берметтери авторлорунун аттары бүгүнкү күндө да бүтүн дүйнөгө таанымал. Балким, силердин да кулагыңарга алардын аттары чалынгандыр: Вольфганг Амадей Моцарт, Жорж Бизе, Пётр Чайковский, Николай Римский-Корсаков. Эгерде аттары бейтааныш болсо, алардын обондору кулагыңарга жат болушу үчүн музыкасын угуп көрсөңөр, албетте, алардын белгилүү экендигине ишенесиңер. Азырынча аттарын эстеп калгыла:



Вольфганг Амадей Моцарт
(1756–1791)



Пётр Чайковский
(1840–1893)



Николай Римский-Корсаков
(1844–1908)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

В. Моцарт – “Волшебная флейта” (“Сыйкырдуу най”);

Жорж Бизе – “Кармен”;

Пётр Чайковский – “Пиковая дама”, “Евгений Онегин”;

Н. Римский-Корсаков – “Снегурочка”, (“Аяз-кыз”), “Садко”,“Шах Султан жөнүндө жомок”, “Золотой Петушок”.

*Класс фонотекасынан В. Моцарттын “Sehrli fleyta” операсынан “Qayerdan taralmoqda bu totli navo” ырын, Ж. Бизенин “Кармен” операсынан прологду уккула.*

## КҮТӨ БЕРЕМ

Сөзү *А. Бегалиевдики* Музыкасы *С. Исраиловдуку*






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Күз келсе да көңүлүмдөн чыкпадың,
Көргөн сайын ичтен түтөп сыздадым.
Үлбүрөгөн элесиңди кучактап,
Үмүт менен канаттуудай сызгамын.

Мейли аяз саймаласын жүзүмдү,
Күтө берем жалындатып сезимди.
Ай жароокер, аярсың деп ойлоном,
Угузбастан “койчу” – деген сөзүңдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

“Бөрүнүн ырын” 4/4 өлчөмүндө дирижёрлук кылып, ноталарды ырдагыла, кийин сөздөрү менен ырдагыла.




**?! Суроо жана тапшырмалар**

1. Ж. Бизенин кандай операларын билип алдыңар?
2. “Sehrli fleyta” жана “Кармен” операларынын авторлору кимдер?
3. “Күтө берем” ырынын авторлору кимдер? Ырды үйрөнүп алган болсоңор ырдап бергиле.

## *4-сабак*. ӨЗБЕК МУЗЫКАСЫНДА ОПЕРА ЖАНРЫ

Өзбек музыкасынын тарыхында биринчи опера 1939-жылда жаратылган. Буга ошол учурда жаш композитор болгон Мухтар Ашрафийнин устаты Н. Василенко менен кызматташтыкта жазган “Bo‘ron” операсы мисал боло алат.

Өзбекстанда опера жанрынын калыптанышына алгачкы баскыч болгон “Bo‘ron” операсынан кийин далай гана өзбекче опералар дүйнөгө келди. Булар: Р. Глиэр жана Т. Садыковдун “Layli va Majnun”, Мухтар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ашрафийнин “Dilorom”, “Shoir xotirasi”, Рашид Хамраевдин “Zulmatdan ziyo”,, Сабир Бабаевдин “Hamza”, “Fidoyilar”, Хамид Рахимовдун “Zafar”, Ибрахим Хамраевдин “Oy-jamol”, Икрам Акбаровдун “So‘g‘d elining qoploni”, Мутал Бурхановдун “Alisher Navoiy”, Сайфи Жалилдин “Zebunniso”, М. Бафоевдин “Umar Xayyom”, “Al-Farg‘oniy”, ошондой эле Улугбек Мусаев, Нурилла Закиров, Рустам Абдуллаев, Хабибулла Рахимов, Аваз Мансуров сыяктуу өзбек композиторлорунун катар опералары болот.

Сулайман Юдаков жараткан опера – “Maysaraning ishi” биринчи өзбек сатиралык операсы болуп, бүтүн дүйнөгө таанылганын өзүнчө белгилеп өтүү керек.

Балдар үчүн жазылган жана сахналаштырылган өзбек опералары көп эмес. Булар: Сабир Бабаевдин “Yoriltosh”, Сайфи Жалилдин “Malikai ayyor” жана Аваз Мансуровдун “Hayvonlar sultoni” опералары.

*Класс фонотекасынан “Layli va Majnun” операсынан Лайли жана Мажнун ариясын уккула.*

*Берилген көнүгүү үлгүсүндө добуш узундуктарын аныктагыла.*

**Tulki xirgoyisi**








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбек музыкасы тарыхында биринчи опера качан жана ким тарабынан жазылган?
2. Өзбек операларынан дагы кайсыларын билесиңер, алардын аттарын санап бергиле.
3. Төмөндөгү көнүгүүнүн өлчөмүн аныктагыла.



## *5-сабак*. МУХТАР АШРАФИЙНИН ӨЗБЕК МУЗЫКАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ ОРДУ



Мухтар Ашрафий 1912–1975-жылдарда жашап, чыгармачылык кылган, өзбек профессионал композиторлугунун калыптанышында биринчилерден болгон музыка искусствосунун чебери. Аны элибиз – композитор, дирижёр, устат, чоң жетекчи катарында жакшы тааныган, кылган эмгектерине жараша ардактаган. Өлгөндөн кийин анын атына консерватория, окуу жайы, мектептер, көчөлөрдүн коюлушу бекерге эмес, албетте.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мухтар Ашрафий композитор катарында бардык жанрларда чыгармачылык кылган. Анын калемине таандык 4 опера, 3 балет, 2 симфония жана башка көптөгөн камералык-аспаптык, камералык-вокалдык жана ондогон ырларды санап өтүү мүмкүн. М. Ашрафийнин Ташкентте жашаган үйү бүгүнкү күндө “Үй музейге” айландырылган. Музыка искусствосунун сүйөрмандары бул “Үй музейи” менен жакындан таанышуу үчүн бардык облустардан келишип, зыярат кылып кетишет.

*Класс фонотекасынан “Дилором” операсынан үзүндүлөр уккула.*

## QUVNOQ YOMG‘IR

Сөзү *А. Абиджандыкы* Музыкасы *А. Мансуровдуку*

**Ылдамыраак**






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МУЗЫКА

Сөзү *Б. Курманкуловдуку* Музыкасы *С. Мамбетбаевдики*




Сыбызгысын, сыйкырлансын көңүлдөр,
Сызгын алыс, сызгын бир аз тынбагын,
Аалам кенен андан ашып төгүлүп,
Алкышын ал ак ниеттүү кыйланын.
Элжиретип сулуу кыздын жүрөгүн,
Тартып алчы ичке каткан сырларын.

### ?! Суроо жана тапшырмалар

1. М. Ашрафий качан жашап чыгармачылык кылган?
2. М. Ашрафий канча опера жараткан? Силер кайсы бири менен тааныштыңар?
3. “Музыка” ырынын авторлору кимдер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 6-*сабак*. СУЛАЙМАН ЮДАКОВДУН "MAYSARANING ISHI" ОПЕРАСЫ, АНЫН ЖАРАТЫЛЫШ ТАРЫХЫ, ОРДУ ЖАНА МААНИСИ



Аския (чукугандай сөз табуучулук) искусствосунун очогу болгон – Кокон шаарында туулуп өскөн Сулайман Юдаков (1916–1990-жылдарда жашап, чыгармачылык кылган) табиятынан куунак, тамашакөй адам болгон. Сезгич чыгармачыл сыпатында өзбектерге сатиралык опера жана сатиралык темадагы балеттин жагышын көп жылдар бою байкап жүргөн, байкоолору натыйжа берген. "Maysaraning ishi" опера жанрында, "Nasriddinning sarguzashtlari" балет жанрында жазып калтырып, чоң иш кылган. Бул балеттин премьерасы, башкача айтканда биринчи аткарылышы композитор дүйнөдөн өткөндөн кийин, көп жылдар өтүп, 1997-жылда болду. Композиторго өз чыгармасын сахнада көрүш буюрбады.

"Maysaraning ishi" операсында эски замандарда казы, бай жана кембагалдардын ортосунда болуп өткөн бир окуя чагылдырылган.

Опера жанрынын талаптарына толук жооп бере турган мындай чыгарманы азыркы күндө да элибиз сүйүп көрөт. Өзбек музыка искусствосунун өнүгүшүндө бул чыгарманын орду жана мааниси чоң.

"Maysaraning ishi" операсын угуп көрсөңөр, кадимки эле элдик чыгармачылыктын үлгүлөрүндөй кулагыңарга жагат.

*Класс фонотекасынан С. Юдаковдун* "Maysaraning ishi" *операсынан үзүндүлөр уккула.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

𝄞 ***“Maysaraning ishi” операсындагы окуялардын өнүгүшүн иликтөө.***

?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Сулайман Юдаковдун чыгармачылыгы жана анын “Maysaraning ishi” операсы жөнүндө эмнелерди билип алдыңар?
2. “Maysaraning ishi” операсында кандай окуялар чагылдырылган?
3. Сулайман Юдаковдун дагы кандай чыгармасы жөнүндө маалымат алдыңар?

## 7–8-*сабактар*. БАЛДАР ҮЧҮН ОПЕРАЛАР

Белгилүү дүйнө композиторлору да опера жанрында балдар үчүн көптөгөн чыгармаларды жаратышкан. В. А. Моцарттын “Сыйкырдуу най” (Волшебная флейта), Н. Римский-Корсаковдун “Аяз кыз” (Снегурочка), “Садко”, “Алтын короз” (Золотой петушок), К. Хачатуряндын “Чипполинонун жоруктары”, (Приключение Чипполино) И. Морозовдун “Доктор Айболит”, Л. Вайнштейндин “Өтүк кийген мышык” (Кот в сапогах) сыяктуу белгилүү балдар операларын буга мисал кылса болот. Өзбекстан композиторлору да балдар үчүн бир нече операларды жаратышкан. Анын ичинен С. Бабаевдин “Yoriltosh”, Сайфи Жалилдин “Aloviddinning sehrli chirog‘i”, А. Мансуровдун “Hayvonlar sultoni” сыяктуу операларын санап өтүү мүмкүн.

Сабир Бабаевдин “Yoriltosh” операсы 1969-жылы Самарканддагы жана 1970-жылы Ташкенттеги опера жана балет театрларында сахналаштырылган. Сергей Вареластын “Aloviddinning sehrli chirog‘i” аттуу орус тилиндеги операсы 1968-жылы жаратылып, 1971-жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2016-жылдарда Алишер Наваий атындагы мамлекеттик академиялык Чоң театрында эки жолу сахналаштырылып көрсөтүлгөн. Бул опера Москва, Самара, Душанбе шаарларында да жаш көрүүчүлөргө кеңири көрсөтүлгөн.

XX кылымдын 80-жылдарында композитор Сайфи Жалил өзүнүн "Malikai ayyor" деп аталган операсын жаратып, Алишер Наваий атындагы МАЧТда сахналаштырды. Өткөн кылымдын 90-жылдарында композитор Аваз Мансуров да "Hayvonlar sultoni" аттуу 2-операсын жазып, аны 1997-жылы Өзбекстан мамлекеттик консерваториясынын алдындагы Музыкалуу театр студиясынын жамааты менен сахналаштырды. Бул операны көптөгөн мектеп окуучулары кызыгуу менен көрүштү.

Урматтуу окуучулар! Музыканын опера жанрында жаратылган чыгармаларды көрүү үчүн бардык жаштагы инсандардын маалым бир даярдыгы болушу керек. Себеби опера музыкадагы татаал чыгармалар катарына кирет.

Адегенде, мындай спектаклдерге башталышынан 15–20 минут мурдараак баруу керек. Себеби, театрдын эшигине кирип келгениңерде колуңарга болуучу опера же балеттин кыскача мазмуну жазылган программа беришет. Бул программада чыгарманын авторлору, сахналаштыруучулар жана катышуучулар жөнүндө да маалыматтар болот. Спектакль башталганга чейин силер программаны окуп чыгасыңар, боло турган окуяларды мурдатан билип алып, негизинен музыка угуп, ыракат аласыңар, чарчаганыңарды чыгарып, эс аласыңар.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АВАЗ МАНСУРОВДУН “HAYVONLAR SULTONI” ОПЕРАСЫ. ПРОЛОГ

*Токой. Бардык жаныбарлар топтолушуп туруучу жай. Көңүлдүү обондорду ырдап өтүп кетип бараткан коёндордон кийин жомокчу карыя пайда болот, ал токой табиятын мактайт. Ушул токойдо жашоочу жанзаттарын бирден тааныштырат. Алар – Арстан, Карышкыр, Коён, Аюу, Түлкү – өздөрү жөнүндө ыр ырдашат. Жомокчу карыя таңдар атып, күндөр батып мында ар күнү жашоо кайнашын, эч тойбостор – ачкөздөр олжо үстүндө гана жүрүштөрүн айтат жана бир күндө болуп өткөн окуяны көрүүгө чакырат...*

**Оор, салмактуу**




## ОКУЯ

*Эки ач карышкырдын урушу чокусуна чыккан. Түлкү пайда болуп, карышкырлар талашып жаткан өлүмтүк кийикти алып качмакчы болот. Карышкырлар сезип калышып түлкүнү кууп жиберишет жана урушту улантышат. Түлкү капаланып жаныбарлардын султаны – Арстан Султанды*

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*ээрчитип келет. Арстан Султан карышкырлардын арыздарын угуп, ажыратат. Талашкандар таркалышып, Арстан Султан далда жерге барып, дем алышка жатат.*

*Ойноп-куунап коёндор кирип келишет. Куу түлкү дагы пайда болот. Коёндордун бири “Мен баатырмын! Боксчумун! Атүгүл Арстан Султанды накаут кылып коёмун!” – деп мактанып калат. Түлкү учурдан пайдаланып, коёнду Арстанга бетме-бет кылып коёт. Баатырлыгы жокко чыгат. Арстан Султан өзүнүн жеңилбестигинен, салабатынан ыраазы болот.*

*Күтүлбөгөн жерден токойдо чаң-тополоң башталат. Бардык жаныбарлар өздөрүн жоготуп коюшкан, алар Арстан Султанды көзгө илбей калышты, Арстан аң-таң... Жаныбарлар таркагандан кийин Арстан Султан далдага бекинет. Ошол учурда ыр ырдап, Адам кирип келет. Арстан Султандын үстүнө тор таштайт. Жаныбарлардын жардамында да Арстан тордон бошоно албады. Жеңилгенин мойнуна алып, “Эмне шартың бар!” – деп сурайт. Адам – достук, тынчтык жана бактылуу жашоону сунуш кылат. Бардыгы достукту мактап, бийге түшүшөт, ыр ырдашат.*

*“Достук бар болсун!*
*Тынчтык бар болсун!”*

*Урматтуу окуучулар!*
*Эми бул чыгарманы угуп, көрсө болот...*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АКЫРКЫ КОҢГУРОО

Сөзү *А.Өмүркановдуку* Музыкасы *К. Эралиеваныкы*

**Кусалуу**






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Чакырсак келбес тил безеп,
Өзүндө калды бир кезек.

Сабакта класс, парталар,
Шыбырап турчу билбесек.

?! **Суроо жана тапшырмалар**

1. Балдар үчүн опералар жөнүндө окуганыңарды айтып бергиле.
2. Өзбек композиторлорунун балдар үчүн жараткан кайсы операларын билесиңер?
3. Дүйнө композиторлорунун балдар үчүн жараткан опера-ларынын аттарын айтып бергиле. “Аяз кыз”, “Yoriltosh” операларынын авторлорун айтып бергиле.
4. Уктуруп көрүлгөн – “Hayvonlar sultoni” операсындагы образдарды санап бергиле. Эсиңерде калган күү жана ырларды ырдап бергиле.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР
## IV чейрек

**1. Опера жанры качан пайда болгон?**

а) XV кылымдын акырында Германияда;
б) XVI кылымдын акырында Италияда;
в) XIV кылымдын акырында Францияда;
г) XV кылымдын акырында Россияда.

**2. Опера жанры темасы жана тилине карап канча түргө бөлүнөт?**

а) 3 түргө;
б) 4 түргө;
в) 2 түргө;
аг 5 түргө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3. Италиялык улуу композитор Ж. Верди канчанчы жылдарда жашап чыгармачылык кылган?**

а) 1813–1901-жылдарда;
б) 1912–1975-жылдарда;
в) 1916–1990-жылдарда;
г) 1885–1948-жылдарда.

**4. Опера жанрында чыгармачылык кылган жана дүйнө тан алган композиторлорду көрсөткүлө.**

а) В. Моцарт, Ж. Бизе, П. Чайковский, Ш. Ёрматов сыяктуулар;
б) В. Моцарт, Ж. Бизе, П. Чайковский, Н. Римский-Корсаков сыяктуулар;
в) В. Моцарт, Ж. Бизе, Д. Амануллаева, П. Чайковский сыяктуулар;
г) В. Моцарт, Н. Нархожаев, Ж. Бизе, П. Чайковский сыяктуулар.

**5. Өзбек музыкасында биринчи опера качан жаратылган?**

а) 1930-жыл;
б) 1939-жыл;
в) 1935-жыл;
г) 1971-жыл.

**6. Мухтар Ашрафий канча опера жараткан?**

а) 6;
б) 2;
в) 4;
г) 10.

**7. Төмөндөгү көнүгүүлөрдү аткаргыла.**





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАЗМУНУ

### I чейрек

Сөз башы....................................................................................................3
Оркестрлер жөнүндө. *1–2 -сабактар*. Оркестрлер. Өзбек эл аспаптары оркестри жана анын үйлөмө аспаптар тобу ..............................4
Музыкалык добуштардын жаралышы.....................................................8
*3-сабак*. Өзбек эл аспаптары оркестринин кылдуу-урма жана плектрлүү аспаптар тобу ..................................................................9
Музыкада ачкычтар.................................................................................. 12
*4-сабак*. Өзбек эл аспаптары оркестринин кылдуу-жаалуу аспаптар тобу ............................................................................................13
Ноталардын бас ачкычта жайгашуусу.................................................14
*5-сабак*. Өзбек эл аспаптары оркестринин урма аспаптар тобу.............15
Музыкада лад жана тональность түшүнүктөрү...................................17
*6-сабак*. Симфониялык оркестр жана анын кылдуу-жаалуу аспаптар тобу............................................................................................ 18
Музыкада динамикалык белгилер..........................................................20
*7–8-сабактар*. Симфониялык оркестрдин жыгач жана жез үйлөмө аспаптар тобу...............................................................................21
Нота созулуштарын узартуучу белгилер. Чекиттүү нота........................24
*9-сабак*. Симфониялык оркестрдин урма аспаптар тобу........................25
Лига. Бышыктоо үчүн тапшырмалар ......................................................27

### II чейрек

*1–2-сабактар*. Хор искусствосу. Хор жамааттарынын түзүлүшү жана түрлөрү......................................................................................................29
Фермата......................................................................................................33
*3–4-сабактар*. Хордун аткаруусу үчүн элдик ырларды ылайыкташтыруу..........................................................................................33
Ритм (усул)................................................................................................37
*5-сабак*. Музыкада вокалдык-симфониялык жанрлар............................38
Партитуралар жана клавирлер...............................................................40
*6–7-сабактар*. Ода жанры. Кантата жана ораториялар..........................41
Бышыктоо үчүн тапшырмалар ...............................................................44

### III чейрек

*1-сабак*. Сахналык музыка чыгармалары........................................... 46

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Музыкада өлчөмдөр........................................................................49
*2–3-сабактар*. Балет искусствосу. Өзбек балети..................................50
Дирижёрлук искусствосу.....................................................................53
*4–5-сабактар*. Өзбек бий искусствосу. Өзбек бий мектептери.................54
Мукаррама Тургунбаеванын өмүрү жана чыгармачылыгы ................56
Өзбек бий мектептери. Фергана-Ташкент бий мектеби...................57
*6-сабак*. Харезм бий мектеби. Бухара бий мектеби..........................59
*7-сабак*. Каракалпак бий мектеби.......................................................60
Сурхандарыя-Кашкадарыя бий мектеби.............................................61
Тамараханым...................................................................................63
*8-сабак*. Музыкалык драма жана комедия..........................................64
"Эки чейрек" (2/4) өлчөмүндө дирижёрлук..........................................65
*9-сабак*. Узеир Гаджибековдун "Аршин мал-алан" музыкалык комедиясынын дүйнө элдеринин искусствосундагы орду жана мааниси..........................................................................66
"Үч чейрек" (3/4) өлчөмүндө дирижёрлук............................................67
*10-сабак*. Республиканын театрларында балдар үчүн жаратылган музыкалык жомок-спектаклдер......................................................68
"Төрт чейрек" (4/4) өлчөмүндө дирижёрлук.........................................70
Бышыктоо үчүн тапшырмалар.............................................................72

**IV чейрек**

*1-сабак*. Опера искусствосу................................................................73
Нота созулуштарын тактыларга бөлүү..................................................74
*2-сабак*. Дүйнөлүк опера искусствосунда Ж. Вердинин чыгармачылыгынын орду жана мааниси................................................75
*3-сабак*. В. Моцарт, Ж. Бизе, П. Чайковский, Н. Римский-Корсаков сыяктуу дүйнөгө белгилүү болгон композиторлордун опералары.......................................................................................77
*4-сабак*. Өзбек музыкасында опера жанры.......................................80
*5-сабак*. Мухтар Ашрафийнин өзбек музыкасынын өнүгүшүндөгү орду..............................................................................82
*6-сабак*. Сулайман Юдаковдун "Maysaraning ishi" операсы,анын жаратылыш тарыхы, орду жана мааниси..........................................86
*7–8-сабактар*. Балдар үчүн опералар.................................................87
Аваз Мансуровдун "Hayvonlar sultoni" операсы. Пролог.......................89
Окуя..............................................................................................89
Бышыктоо үчүн тапшырмалар.............................................................92



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**AVAZ MANSUROV, DILDORA KARIMOVA**

**MUSIQA**

5-sinf uchun darslik
(Qirg'iz tilida)

Кайта иштелген 3-басылышы

Которгон *Р. Жуманазарова*
Редактору *С. Назаров*
Музыкалык редактору *Г. Ганиева*
Көркөм редактору *И. Юлдашев*
Техникалык редактору *Т. Харитонова*
Компьютерде даярдатан *У. Валижонова*

Басма лицензиясы AI № 290.11.04.2016.
2020-жылы 20-июлунда басууга уруксат этилди.
Форматы 70х90 1/16. Кегл 14 шпондуу.
Таймс гарнитурасы. Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 6,43.
Басма табагы 7,02. Нускасы 818 Заказ ...

Гафур Гулам атындагы басма-полирафиялык чыгармачылык үйү.
700128, Ташкент, Лабзак, 86-үй.

**Биздин интернеттеги дарегибиз: www.gglit.uz**
**E-mail: info@gglit.uz**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE